**№59 буйруктан көчүрмө**

29.08.2018-жыл №78 МГ Бишкек шаары

Ишеним телефону (кутучасы )
почтасы боюнча

Окуучулардын коопсуздугун , көз карандысыздыгын ,ишенимин арттыруу максатында

б у й р у к к ы л а м ы н:

1. Мектеп окуучулары үчүн атайын ишеним телефону деп 32-87-73 жумушчу телефону ,тарбия иштери боюнча директордун орун басары З.К.Сатыбалдиева 0779 88 89 14, ЖӨИ АТ кызматкери

   Ганыев Ө.У- 0700 82 07 08

2. Ишеним почтасы мектептин биринчи этажына орнотулуп , уюштурулсун жана бир айда эки жолу комиссия тарабынан текшерилип көзөмөлдөнүп өткөрүлсүн.
3. Түшкөн арыздарды карoo комиссиясы төмөнкү курамда түзүлсүн: Комиссиянын төрайымы – Музаева Э.Т-мектеп директору, Мүчөлөрү: Сатыбалдиева З.К-ТИ боюнча директордун орун басары,соц.педаго-Жаныбек кызы Ырыскул.
4. Каттын ,сунуштун түщкөнүнө жараша ыкчам чара колдонулсун.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ТИ боюнча директордун орун басары З.К.Сатыбалдиевага жүктөлсүн.

№78 МГ директору: Музаева Э.Т.

**№ 88 буйруктан көчүрмө**

20.12.2018-жыл №78 МГ Бишкек шаары

Жаңы жылдык иш-чараларга

мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салуу жөнүндө

Кыргыз Респубикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 30-августундагы №596 "2012-2014-жылдарга коррупцияга каршы туруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш-чараларынын планын жана программасын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык ,ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Билим берүү,илим жана маданият , спорт боюнча комитетинин 2013-жылдын 14-февралындагы №278-V "Билим берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын мамлекеттик билим берүү уюмдарынын камкорчулук кеңештеринин ишмердиги тууралуу бөлүгүнүн (38,44-1,4-2,44-3 беренелеринин) аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2013-жылдын 13-апрелиндеги №172 /1, Бишкек шаарыдк билим берүү башкармалыгынын 19.04.2013-жылдын №167/1, билим берүү уюмдарындагы мыйзамсыз акча чогултуу боюнча буйруктарынын негизинде:

бу й р у к к ы л а м ы н:

1. Жаңы жылдык иш-чараларга белектерге акча чогултууга тыюу салынсын:
2. Мектеп администрациясы жана мектеп жамаатынын катышууусунда жаңы-жылдык иш-чараларга белектерге акча чогултууга тыюу салнысын;
3. Буйрук менен ар бир класс жетекчи тааныштырылсын;
4. Акча жана башка чогултуулар моралдык-психалогиялык жактан кысым көрсөтүү фактылары аныкталса класс жетекчилер кызматтан бошотулуп иши укук коргоо органдарынын кароосуна өткөрүлүп берилсин.
5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ОТИ боюнча директордун орун басары Ч.С. Курманалиевага жүктөлсүн.

Директор: Музаева Э.Т.

**№ 93 буйруктан көчүрмө**

15.01.2019-жыл №78 МГ Бишкек шаары

Билим берүү уюмдарында мыйзамсыз

чогултулган акчаларга тыюу салуу жөнүндө

Билим берүү уюмдарында мыйзамсыз чогултулган акчаларга тыюу салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №596 , 30.08.2015-жылдагы токтомун аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы өтүлүүчү иш-чаралардын программасын жана планын бекитүү боюнча Биринчи май райондук билим берүү борборунун 14.01.2019-жылдагы №44 буйруктарынын негизинде

б у й р у к  к ы л а м ы н:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү мыйзамынын талаптарына ылайык ,Кыргыз Республикасынын укуктук-нормативдик актыларынын негизинде бекер билим берүүнү камсыздоо максатында мектепке төмөнкүлөргө тыюу салынат:
   - 1-класска кирүү сынагын өткөрүүгө директордун орун басарлары, класс жетекчилер,мугалимдер ата-энелерден акча,белек алууга;
   - окуучулардын жайкы эмгек практикасын өтпөгөндүгү үчүн компенсация катары акча алууга, китеп жоготкондугу үчүн окуучулардан акча алууга (окуучу жоготкон китебин ордун китеп менен толукташы зарыл)
   - даталуу күндөрдө өткөрүлүүчү иш-чараларга акча чогултууга;
   - билим берүү борборунун массалык оюн-зоокторго (цирк, концерт, кино,театр,поход, экскурция) акча чогултууга
2. Директордун орун басарлары ,класс жетекчилер, мугалимдер буйруктун аткарылышына персоналдык жоопкерчилик алып барат.
3. Буйруктун аткарылышын өз көзөмөлүмө калтырам.

№78 МГ директору: Музаева Э.Т.

**№94 буйруктан көчүрмө.**

15.01.2019-жыл №78МГ Бишкек шаары

Коррупциялык тартип бузуулар

фактыларын билдирүү тартиби жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 12-февралындагы №85\1 "Коррупциялык тартип бузуулар фактыларын билдирүү тартиби " жөнүндөгү буйругун аткаруу максатында иштелип чыккан иш-чаралардын негизинде муниципиалдык кызматкерлерди ,билим берүү мекемелеринин кызматкерлерин коррупцияга каршы багытталган иш-чараларга тартуу максатында , Биринчи май райондук билим берүү борборунун 2019-жылдын 14-январындагы №2 буйруктарынын негизинде

б у й р у к к ы л а м ы н:

1. Мектеп администрациясына , педагогикалык жамаатка , өзгөчө класс жетекчилерге;

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 12-ноябрындагы №215 Указынын талаптарын " Бийлик бутагындагы саясий жана системалык коррупцияны жоюу чаралары" милдеттүү түрдө аткарылсын;
- мектеп ичиндеги системалык коррупцияга жол бербөө чаралары иштелип чыгарылсын;
- адам укугу приоритети мамлекет жана жаран ортосунда орнотулсун;
- мектеп ичинде коррупциялык фактыларга жол берилбесин;
- педагогикалык жамаатка коррупциялык тартип бузуулар фактыларын билдирүү тартиби жөнүндө түшүндүрүү иштери өткөрүлсүн;
- окуучулардын ата-энелеринен (залалдуу өкүлдөрүнөн ) мыйзамсыз акча чогултууга жол берилбесин;
- ата-энелер чогулушу өткөрүлсүн;
- мыйзамсыз акча чогултууга жол бербөө жана спонсордук , кайрымдуулук жардамды мыйзам чегинде тартиптерин тааныштыруу максатында;

- ата-энелер чогулушунда мектепке тартылган спонсордук эки кошумча каржыланган каражаттардын чыгашасын маалымдалсын;
- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2011-жылдагы №563 токтомунун негизинде кошумча билим берүү жөнүндө маалымат берилсин, маалымат тактага илинсин;
- Буйруктун аткарылышын ОТИ боюнча директордун орун басарлары Ч.С. Курманалиевага, Г.К. Асаналиевага жүктөлсүн.

2. Буйруктун аткарылышын жалпы көзөмөлүн өзүмө калтырам.

№78 МГ директору: Музаева Э.Т.